**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ**

**МИНИСТЕРСТВО
ОБРАЗОВАНИЯ И НАУКИ
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

**MINISTRY OF EDUCATION AND SCIENCE OF THE KYRGYZ REPUBLIC**

720040, Бишкек ш.,
К. Тыныстанов көч., 257
тел.: (312) 66-24-42
факс: (312) 62-15-20
http://edu.gov.kg
edu@mail.gov.kg

257, K. Tynystanov St,
Bishkek 720040
tel.: (312) 66-24-42
fax: (312) 62-15-20
http://edu.gov.kg
edu@mail.gov.kg

720040, г.Бишкек,
ул. К. Тыныстанова, 257
тел.: (312) 66-24-42
факс: (312) 62-15-20
http://edu.gov.kg
edu@mail.gov.kg

____________________№ ______________

**Райондук жана шаардык
билим берүү бөлүмдөрүнүн/
башкармалыктарынын
жетекчилерине**

**Жогорку, орто, кесиптик
окуу жайларынын жетекчилерине**

Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги КР Президентинин № 369 “Улуттук дем – дүйнөлүк бийиктик” уңгужолу жөнүндө” Жарлыгын ишке ашыруу максатында жогорку, орто, кесиптик, жалпы билим берүү, мектепке чейинки билим берүү мекемелеринин жетекчилерине Жарлыкты эмгек жамааттын бардык түзүмдүк бөлүмдөрүнө тааныштырууну (ЖМКларда чагылдыруу менен) жана жыйындын протоколдорун КР Билим берүү жана илим министрлигине киргизүүнү тапшырам. Аталган жарлыктын талаптарын өз убагында жана так аткаруу бардык билим берүү уюмдарынын жетекчилерине жеткирилсин. Сиздерге Жарлыктын талаптарын так аткаруу боюнча бардык чараларды көрүүнү тапшырабыз. Аткаруу мөөнөтү: 20.03.2025-ж.

Тиркеме: 22 барак.

**Министрдин орун басары** **Н.С. Джусупбекова**

Иманалиев, 0312665407

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

№ 23-3/405, 05.02.2025

Кол койгон: Джусупбекова Н.С., 05.02.2025

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН

# ЖАРЛЫГЫ

# УКАЗ

ПРЕЗИДЕНТА КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

**“Улуттук дем – дүйнөлүк бийиктик”**
**унгужолу жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын жарандарынын эң башкы байлыгы жана сыймыгы – эгемен мамлекети. Өлкөгө атын берген кыргыз эли өзүнүн 3000 жылдык узак тарыхында кээде жылдызы жанып, улуу каганаттын ээси болсо, кээде мамлекеттүүлүгүнөн ажырап, саясий ал-күчүнөн тайган учурлары да болду, тагдырдын эчендеген оор сыноолоруна кабылды. Ошентсе да, кыргыз элинин рухий деми артса артты, кемиген жок, ал сөз мунарасын курду – “Манас” үчилтиги сыяктуу жалпы адамзаттык маанидеги улуу мурас жаратты.

Карт тарыхтын катаал жолуна кыргыз эли менен үзөңгүлөш чыккан эчендеген элдер бүгүн дүйнөнүн этносаясий айдыңында жок. Алардын аталыштары тарых барактарында гана калды. Кыргыз элинин миңдеген жылдар бою сакталып келишине, кайрадан эгемендүү мамлекетке ээ болушуна нукура, өзүнө гана таандык баалуулуктары жана нарк таянымдары, уңгулуу тарыхый тажрыйбасы негизги омок болуп берди. Улуу “Манас” үчилтиги кыргыз элине дем берди, чачылганды жыйнады, бириктирди, кубаттуу мамлекет курууга ишеним жаратты. Ар бир доордо жашап өткөн даанышмандардын, улуу ойчулдардын жараткан акыл-ой корутундулары, элдик макал-лакаптар, учкул сөздөр элибиздин демине дем кошуп, келечекке багыт берген унгужол милдетин аткарды. Кыргыз эли баатыры миң, башчысы бир болуп, тар жол, тайгак кечүүдө, душмандардын сан коркунучтарынан сактап, куттуу мекенин дайыма коргоп келди. Улуттук нарк баштаган жазылбаган мыйзамдары, кээде бирдиктүү мамлекети жок болсо да, кыргыз эли ыйык туткан улуу баалуулуктар, карманган салттары, тили, маданияты элди тарых белгисиздигине түшүп кетүүдөн сактады.



КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН

# ЖАРЛЫГЫ

# УКАЗ

ПРЕЗИДЕНТА КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

**О Доктрине (Унгужол)**
**«Национальный дух – мировые высоты»**

Главное богатство и гордость граждан Кыргызской Республики – суверенное государство. На протяжении своей более чем 3000-летней истории кыргызы, давшие название своей стране, пережили затяжные периоды расцвета и могущества, будучи хозяевами великого каганата, а также не менее долгие века тяжелых испытаний, сопровождавшиеся потерей государственности и политическим бессилием. Но несмотря на все это, дух кыргызского народа только укреплялся, сумев воздвигнуть несокрушимый памятник слова – величайшее духовное наследие общечеловеческого масштаба – трилогию «Манас».

Многих народов, когда-то бок о бок с кыргызами покорявших суровые пути древней истории, сейчас нет на этнополитическом пространстве мира. Названия этих народов остались лишь на скрижалях истории. Кыргызский народ тысячелетиями сохранял свою идентичность и вновь обрел независимость благодаря присущим только ему ценностям и принципам, умению ценить и хранить исторический опыт. Великая трилогия «Манас» воодушевляла кыргызов, объединяла верой в то, что можно построить сильное государство. Во все века в народе были великие мудрецы, их мысли и заветы, народные пословицы и поговорки, крылатые выражения давали людям надежду, поддерживали дух, служа путеводной нитью, ведущей в будущее. Кыргызский народ с многочисленными батырами и мудрыми предводителями, всегда дружно поднимался на защиту своего Отечества против захватчиков.

Узак жана кызыктуу тарыхка, мол коомдук-саясий тажрыйбага ээ, руханий байлыгы терең, наркты бекем кармап келген кыргыз эли буйрукка жараша, эгемендикке ээ болгон жылдарында уңгулуу жолунан адашып, улуттук баалуулуктары анчалык көңүлгө алынбай, нарк ченемдерине ширелген коомдук институттары мурдагыдай болбой, даанышмандар баштаган улут билгелери баркталбай, улуттук сыймыгы төмөндөп, жарандык сезими мокоп, келечекке болгон ишеними азайып, куттуу мамлекетинин алсыроо мезгилине дуушар болду.

Кыргыз Республикасынын эли ушул күнгө чейин келечекке ишеним жарата турган, коомдун мүмкүнчүлүгүн жаратмандыкка багыттоо күчүнө ээ, элдин биримдигин, уюмдашуу жөндөмүн арттыра алган, узак мөөнөттүү идеологияга, башбагытка муктаж бойдон калып келди. Аталган кырдаалдан ылдам чыгуунун ишенимдүү жолдорунун бири, кыргыз жарандарын бир муштумга бириктире турган, куттуу келечекке ишеним арттырган, жарандык мекенчилдикти күчөткөн, улуттун демин арттырып, ага дымак берген, жаңы демилгелердин жаралышына жол ачкан идеяларды иштеп чыгып, аны ыкчамдык менен ишке киргизүү экендиги маалым болду. Андай идеялар бүгүн бизде бар, ал – Кыргыз Республикасынын "Улуттук дем – дүйнөлүк бийиктик" уңгужолу.

Көз карандысыз Кыргыз Республикасын жакынкы жылдарда өнүккөн, күчтүү, дүйнөлүк бийиктиктерге жеткен мамлекетке айландыруу максатында, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 66, 71-беренелерин жетекчиликке алып, **токтом кылам:**

1. Кыргыз Республикасынын "Улуттук дем – дүйнөлүк бийиктик" уңгужолу (мындан ары – Уңгужол) тиркемеге ылайык бекитилсин.

2. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине мыйзамдардын долбоорлорун иштеп чыгууда жана аларды кабыл алууда, ошондой эле Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн жалпы мамлекеттик программаларын бекитүүдө Уңгужолдун жоболорун жана принциптерин эске алуу сунушталсын.

3. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети:

– социалдык-экономикалык саясатты иштеп чыгууда, кабыл алууда жана жүргүзүүдө Уңгужолдун жоболорун жана принциптерин жетекчиликке алсын;

– бул чөйрөдө колдонулуучу бардык ченемдик укуктук, концептуалдык, программалык документтерди инвентаризациялоо жана аларды Уңгужолго ылайык келтирүү боюнча ишти жүргүзсүн;

– Уңгужолду ишке ашыруу боюнча жобону иштеп чыксын;

Когда не было единого государства неписаные законы, свято хранимые национальные ценности и понятия о чести и достоинстве, язык и самобытная культура не позволили нашему народу заблудиться в лабиринтах истории.

Кыргызы имеют долгую и интересную историю, богатый общественно-политический опыт, глубокие духовные ценности, однако история так распорядилась, что многое из всего этого было предано забвению в годы нашего суверенного существования, мы никак не могли определить свой путь, не всегда придавая должное значение своим национальным ценностям, общественные институты, основанные на превалировании чести и достоинства, перестали выполнять свои прежние функции, снизились уважение к национальным ценностям, национальная гордость, вера людей в будущее, гражданское чувство притупилось и государство переживало не лучшие времена.

Народ Кыргызской Республики нуждается в долговременной идеологии, стратегии, пробуждающей веру в будущее, направляющей созидательные возможности общества, которая укрепила бы способность народа к самоорганизации, его единство. В силу указанных причин перед нами стоит задача выработать идеи, которые будут способствовать объединению граждан нашей страны в единое целое, возродят веру в светлое будущее, усилят гражданский патриотизм, национальный дух, дадут ему новое дыхание, откроют путь к новым инициативам. И такие идеи у нас сегодня есть – это Доктрина Кыргызской Республики «Национальный дух – мировые высоты».

В целях преобразования независимой Кыргызской Республики в ближайшие годы в развитое, сильное, достигшее мировых высот государство, руководствуясь статьями 66, 71 Конституции Кыргызской Республики, **постановляю:**

1. Утвердить Доктрину Кыргызской Республики «Национальный дух – мировые высоты» (далее – Доктрина) согласно приложению.

2. Рекомендовать Жогорку Кенешу Кыргызской Республики при разработке проектов законов и их принятии, а также при утверждении общегосударственных программ развития Кыргызской Республики учесть положения и принципы Доктрины.

3. Кабинету Министров Кыргызской Республики:

– при разработке, принятии и проведении социально-экономической политики руководствоваться положениями и принципами Доктрины;

– провести работу по инвентаризации всех используемых в данной сфере нормативных правовых, концептуальных, программных документов и приведению их в соответствие с Доктриной;

– Уңгужолду кеңири пропагандалоо жана жайылтуу боюнча туруктуу ишти уюштурсун.

4. Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары Уңгужолдун негизинде региондук программаларды иштеп чыксын, кабыл алсын жана ишке ашырсын.

5. Бул Жарлыктын аткарылышын координациялоо Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик катчысына жүктөлсүн.

6. Бул Жарлыктын аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

7. Бул Жарлык расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Президенти** **С.Н. Жапаров**

Бишкек ш.
2024-жылдын 18-декабры
ПЖ № 369

– разработать положения по реализации Доктрины;

– организовать постоянную работу по широкой пропаганде и распространению Доктрины.

4. Органам местного самоуправления Кыргызской Республики разработать, принять и реализовать региональные программы на основе Доктрины.

5. Координацию исполнения настоящего Указа возложить на Государственного секретаря Кыргызской Республики.

6. Контроль за исполнением настоящего Указа возложить на управление контроля исполнения решений Президента и Кабинета Министров Администрации Президента Кыргызской Республики.

7. Настоящий Указ вступает в силу со дня официального опубликования.

**Президент Кыргызской Республики** **С.Н. Жапаров**

г. Бишкек
18 декабря 2024 года
УП № 369

Тиркеме

**Кыргыз Республикасынын**
**"Улуттук дем – дүйнөлүк бийиктик" уңгужолу**

## Киришүү

Кыргыз Республикасы – эгемендиги чектелбеген, ички жана тышкы саясатын өз алдынча жүргүзгөн, эли мамлекеттик бийликтин жападан жалгыз булагы болгон, конституциялык түзүлүшкө, мамлекеттик символдоруна ээ, дүйнө өлкөлөрү тарабынан таанылган, демократиялык, унитардык, укуктук, светтик жана социалдык мамлекет.

Кыргыз Республикасынын элинин эң башкы байлыгы жана сыймыгы – анын эгемен мамлекети. Кыргыз эли ушул коомдук-саясий түзүлүшкө карт тарыхтын далай катаал сыноолорунан өтүп келип, ынтымактын жана биримдиктин күчү менен жетти. Дүйнөлүк өнүгүүнүн өркөн жолуна кыргыздар менен үзөңгүлөш чыккан эчендеген элдердин өздөрү эмес, аталыштары гана тарых барактарында сакталып калды.

Тарыхтын белгилүү бир учурларында мамлекеттүүлүгүнөн, жазма маданиятынан ажырап калса да, кыргыз эли өзүнүн ички биримдигин, башка элдер менен болгон ырашкерлигин өксүткөн эмес, дүйнөтааным тажрыйбаларын байытып отуруп, жалпы адамзаттык маанидеги оозеки көркөм мурастардын эң бай казынасын жараткан.

"Манас" үчилтиги – улуттук гана эмес, дүйнөлүк маанидеги эпикалык мухит. Ал дайыма кыргыз элинин демине дем кошуп, анын улут болуп калыптануу жолунда рухий азык, тарыхый жана философиялык таяныч болуп келген, мындан ары да кыргыз жарандарынын дем, кубат алуучу булагы бойдон кала берет.

Кыргыз Республикасын бардык жагынан жапырт өнүккөн, жарандары бактылуу жашап, өз өлкөсү менен сыймыктанган, элдик нарк баалуулуктары бекем сакталган, унитардык мамлекетибизди дүйнөлүк деңгээлге чыгаруу – улуттук дымагыбыз.

Кыргыз Республикасынын көп этностуу эли турмуштун бардык тармактарында дүйнөлүк бийиктиктерди багындыра ала турган жөндөм, билим, илим, маданият жана улуттук демге ээ. Нарктуу элибиз, намыстуу жарандарыбыз менен өзүн-өзү коргоп, бардык турмуштук муктаждыктарын өзү камсыздай алган, жакындарына жардам берүүгө дайыма даяр турган, алдынкы улутка, өнүккөн өлкөгө айлануу жолундабыз!

Эгемендүүлүктү туу тутуп, улуттук демибиз менен өнүгүүнүн уңгулуу жолуна түшөбүз жана турмуштун бардык тармактары боюнча дүйнөлүк бийиктиктерге жетишебиз!

Приложение

**Доктрина**
**Кыргызской Республики**
**«Национальный дух – мировые высоты»**

## Введение

Кыргызская Республика – демократическое, унитарное, правовое, светское и социальное государство с неограниченной суверенностью, самостоятельно проводящее внутреннюю и внешнюю политику, народ которого является единственным источником государственной власти, обладающее конституционным строем, государственными символами, признанное всеми государствами мира.

Самое главное богатство и гордость народа Кыргызской Республики – его суверенное государство. Кыргызский народ пришел к этому общественно-политическому устройству благодаря единству и сплоченности, пройдя на протяжении тысячелетий суровые испытания истории. От множества народов мира, бок о бок вместе с кыргызами начинавших свой путь цивилизационного развития, ныне только и остались названия на страницах истории.

Несмотря на то, что в определенные периоды истории была утрачена государственность и письменная культура, кыргызский народ сумел сохранить свое внутреннее единство и умение жить в ладу с другими народами; неустанно обогащая свой опыт миропонимания, создал богатейшую сокровищницу устного художественного наследия общечеловеческого значения.

Трилогия «Манас» – эпический океан не только национального, но и мирового значения. Он всегда выражал дух кыргызского народа, был духовной пищей, исторической и философской опорой на пути становления как нации, и впредь послужит неиссякаемым источником вдохновения и силы для кыргызских граждан.

Нашим национальным устремлением является достижение Кыргызской Республикой уровня всесторонне процветающего унитарного государства мирового уровня, где граждане живут счастливо и гордятся своей страной, прочно сохраняется система национальных ценностей.

Полиэтнический народ Кыргызской Республики обладает всеми возможностями, знанием, образованием, культурой и духом для достижения мировых высот во всех сферах жизни. Сейчас наш древний народ, всегда отличавшийся высокой духовностью и честью, находится в самом начале достойного независимого существования, готовый защитить себя, обеспечить всем необходимым не только жителей своей страны, но и помочь при необходимости своим соседям, становясь передовым народом, всесторонне развитой страной!

## I. Учурдагы абалга сереп

Кыргыз Республикасы – мамлекет катары кыргыз элинин байыртан берки мамлекет куруу, аны башкаруу, коргоо жана өнүктүрүү жагынан жыйнаган тажрыйбаларынын түздөн-түз уландысы. Ар бир доордун өзүнүн сынчы, ойчул, даанышмандары болуп, алардын ой корутундулары жана элдин орток акылынан жаралган эпикалык мурастар, макал-лакап, учкул сөздөр, санат ырлар жана санжыралар кыргыз коомунун демин арттырып, келечекке туура багыт берүүчү уңгужол милдетин аткарып келген.

Кыргыз Республикасы азыркы учурда өзүнүн көп этностуу, ынтымакта жашаган, нарктуу жана жаратман эли менен бирге эгемендикке ээ болгон жылдардан ушул күнгө чейинки басып өткөн тарыхый жолун талдап, таразалап, оош-кыйышын ылгап, ылдам жана ырааттуу өнүгүүнүн туура багытына түшүү учурун башынан кечирип жатат.

Кыргыз Республикасы тарыхтын акыркы он жылдыктарында кылымдап тутунуп келген уңгужолдон саамга четтей түштү. Ушундан улам өлкөдө береке качып, ырыскы бөксөрдү, адамдардын ой-санаасына бүлүк түштү, бийликке, мамлекетке, келечекке болгон ишеним азайды.

Эгемендүүлүктүн берген мүмкүнчүлүктөрү жалпы элдин эмес, азчылыктын колуна өтүп кетүү коркунучу пайда болду. Илим, билим, маданият, акыл-ой, идея жана аларды жараткан улут билгелери бархталбай, коомдук институттар таасирсиз абалга келди.

Мамлекет куруу жана бийлик жүргүзүү жагынан жыйналган коомдук-саясий тажрыйбаларын өзүнүн тарыхый эс тутумунда сактап келген кыргыз эли маселени жапа тырмак чечүү жолун тандап алып, натыйжада, ыңкылаптар, бийлик алмашуулар элдин эрки жана анын түздөн-түз катышуусу менен жүзөгө ашырылды.

Улуттун нарк баалуулуктарына жана демине таянган, жалпы адамзаттык тажрыйбаларды да эске алган улуттук идея башбагыты аныкталып, жүзөгө ашырыла баштамайынча, тарыхый өнүгүүнүн уңгулуу жолуна чындап түшмөйүнчө, өлкөнүн бардык жагынан тегиз, ыкчам өнүгүүсү мүмкүн эместиги баарына түшүнүктүү болду.

Ушундан улам жарандарына туруктуу, коопсуз, бейпил, бактылуу, бардар турмуш тартуулай ала турган, күчтүү Кыргыз Республикасын калыптандырууну жана өнүктүрүүнү көздөп, башбагыты аныкталган, узак мөөнөткө эсептелген идеялар тутумун – Уңгужолду доор талабына ылайык кайра жаратуу муктаждыгы келип чыкты. Ал жаралды: **Кыргыз Республикасынын "Улуттук дем – дүйнөлүк бийиктик" уңгужолу** деп аталды (мындан ары – Уңгужол).



Высоко подняв знамя независимости, опираясь на силу национального духа, мы вступаем на путь стратегического развития, который приведет нас на мировые высоты во всех сферах жизни!

## I. Анализ нынешнего состояния

Кыргызская Республика является государством, которая вобрала в себя весь опыт кыргызского народа по построению, управлению, защите и развитию своего государства. Во все эпохи из народа выходили мудрецы и мыслители, их мудрость, наряду с произведениями эпического творчества, пословицами и поговорками, крылатыми словами, санатами-назиданиями и санжыра-родословными поднимали дух кыргызского общества, служа своеобразными указателями для правильного выбора путей стратегического развития.

В настоящее время Кыргызская Республика со своим дружным, полиэтническим созидающим народом, анализируя взлеты и падения на своем историческом пути со времени обретения независимости, сейчас стоит на пороге вступления на путь быстрого и последовательного развития.

За последние десятилетия Кыргызская Республика не смогла избежать ошибок и неверных шагов на пути своего многовекового поступательного развития. Именно поэтому наши граждане перестали чувствовать себя счастливыми, в их мыслях поселилось сомнение в светлое будущее страны, в справедливость власти.

Возможности, предоставленные обретенной независимостью, не стали всеобщим достоянием, а все больше оказались в руках меньшинства. Наука, знания, культура, нравственность и духовность и их носители оказались на задворках, общественные институты потеряли влияние.

Но общественно-политический опыт предков по построению государства и осуществлению справедливой власти продолжал жить в исторической памяти кыргызского народа. Результатом этого стали неоднократные выступления нашего населения против неправедной власти, выливавшиеся в революции и неоднократную смену первых лиц государства.

Всем стало понятно, что без определения и претворения в жизнь национальной идеи, опирающейся на национальные нравственные ценности и дух народа, опыт всего человечества, без выработки стратегии развития и без конкретного перехода на путь стратегического развития, достичь всестороннего, ускоренного развития невозможно.

Именно поэтому возникла необходимость воссоздания долгосрочной системы идей вместе со стратегией ее осуществления, направленной на формирование и развитие сильной Кыргызской

## II. Негизги таянымдар

Унгужол төмөнкү таянымдардын негизинде иштелип чыкты:

– Кыргыз Республикасынын Конституциясын жана мыйзам актыларын, ошондой эле эл аралык укуктук ченемдерди жетекчиликке алуу;

– кыргыз элинин мамлекет куруу жана аны башкаруу тажрыйбасы бар эл экендигин көңүл борборунда тутуу;

– кыргыз элинин тили, тарыхы, маданияты жана нарк баалуулуктарынын жарандар тарабынан эркин колдонулушун, үйрөнүлүшүн жана дүйнөгө таанытылышын өлкө эгемендигинин белгиси катары эсептөө;

– заттык баалуулуктардын маанилүүлүгүн танбай туруп, заттык эмес рухий баалуулуктарга артыкчылык берүү;

– жарандардын жеке кызыкчылыктарын урматтоо менен коомдун жана мамлекеттин кызыкчылыктарын алардан жогору коюу;

– улуттук нарк баалуулуктары менен диний баалуулуктарды бири-бирине карама-каршы коюуга жол бербөө;

– улуттук сыймыкты жогору коюу, бирок этностук менменсинүүнүн эч бир көрүнүшүнө жол ачпоо;

– жакынкы жана алыскы кошуна элдердин тили, тарыхы жана маданиятына нарктуулук менен мамиле жасоо;

– өз өлкөсүнүн артыкчылыктарын даңазалоодо, башка өлкөлөрдүн баалуулуктарын кемсинтпөө, кошуна мамлекеттер жөнүндө эң жакшы ой-тилектерде болуу.

## III. Максаты, милдеттери жана күтүлгөн жыйынтыктар

Уңгужолдун негизги максаты – мамлекеттик, коомдук-саясий, жарандык институттардын ишин бир нукка салуу менен нарктуу, мекенчил, жоопкерчиликтүү жарандарды калыптандырып, кубаттуу мамлекет куруу.

Уңгужолдун негизги максаты анын төмөнкү милдеттеринин аткарылышы аркылуу жүзөгө ашырылат:

– коомдук турмуш жүрүмүндө салттуу жана заманбап баалуулуктардын тең салмактуулугун сактоодо укуктук, нарктык ченем катары колдонуу;

– кыргыз жарандарынын ар биринин, улуттук нарк негиздерине таянган жалпы жарандык аң-сезимин калыптандыруучу институтташтырылган шарттарды түзүү;

– адамдын аң-сезиминде жарандык мекенчилдик баалуулукту калыптандыруу, жалпы элдин улуттук демин арттыруу, келечекке болгон ишенимди бекемдөө;

– мамлекетти негиздеген эл катары, кыргыздардын жашаган жерине, уруулук, аймактык таандыктыгына жана диний ишенимдерине



Республики, способной обеспечить своим гражданам стабильную, безопасную, мирную, счастливую, благополучную жизнь. И такая система идей создана: **Доктрина (Унгужол) Кыргызской Республики «Национальный дух – мировые высоты»** (далее – Доктрина).

## II. Основные принципы

Данная Доктрина разработана на основе следующих принципов:

– руководствоваться Конституцией Кыргызской Республики, законодательными актами, а также нормами международного права;

– всегда держать в центре внимания тот факт, что кыргызский народ – это народ с богатым опытом построения государства и управления им;

– считать признаком суверенной страны свободное использование и изучение гражданами языка, истории, культуры и традиционных ценностей кыргызского народа, а также сделать известными их мировой общественности;

– не отрицая важности материальных ценностей в жизни человека, считать превалирующими ценности духовного порядка;

– уважая личные интересы граждан, отдавать предпочтение интересам общества и государства;

– не допускать противопоставления национальных нравственных ценностей с религиозными ценностями;

– высоко ценить национальную гордость, вместе с тем не допуская никаких проявлений этнической нетерпимости;

– проявлять этнотолерантность к языкам, истории и культуре близких и дальних народов-соседей;

– возвеличивая достоинства своего государства, не допускать уничижения ценностей других стран, сохранять дружеские добрососедские отношения с приграничными государствами.

## III. Цель, задачи и ожидаемые результаты

Основная цель Доктрины – направить в единое русло деятельность государственных, общественно-политических, гражданских институтов, формируя высоконравственных, ответственных граждан-патриотов, тем самым построить сильное государство.

Данная цель будет претворяться в жизнь с помощью следующих задач:

– сохраняя равновесие между традиционными и современными ценностями в жизни общества, использовать их как правовые, нравственные нормы;

карабастан, алардын улуттук өзүн-өзү таанып билүүсүн – бирдейлешүүсүн камсыздоо;

– Кыргыз Республикасында жашаган бардык этностордун ынтымагын, биримдигин чындоо менен, алардын кыргыз жараны болуу сыймыгын жаратуу;

– кыргыз элинин улуттук наркынын жана заманбап талаптардын негизинде адамдардын өз өлкөсүнө кызмат өтөөгө болгон шыктануусун арттыруу;

– адилеттүүлүк, абийирдүүлүк, боорукердик сапаттар менен бирге мамлекеттин коопсуздугун баарынан жогору коюу жоопкерчилигин кыргыз жарандарынын ар биринин аң-сезимине орнотуу;

– өлкөнүн келечеги үчүн ишеним жаратуучу, ага ак кызмат кылууга шыктандыруучу идеологиялык башбагыт милдетин аткаруу.

Уңгужолдон күтүлгөн жыйынтыктар:

– Уңгужол ар бир жарандын жүрүм-турумун жана ой жүгүртүүсүн аныктоочу ынанымдардын, адеп-ахлактык баалуулуктардын жана таянымдардын тутумун калыптандыруучу идеологиялык негизге айланат;

– жарандарда улуттук сыймыкты, мекенчилдикти, жарандык баалуулуктарды, жоопкерчиликти калыптандыруучу жана өнүктүрүүчү туруктуу, институтташтырылган жүрүмдүн башталышына жана ийгиликтүү өнүгүшүнө жол ачат;

– өзүнүн өлкөсүн, коомун, үй-бүлөсүн сүйгөн, ошондой эле мамлекеттин экономикалык өсүшүн жана анын коопсуздугун камсыздаган жоопкерчиликтүү жарандардын жаңы муунун калыптандыруучу мамлекеттик, коомдук-саясий, жарандык институттар, түзүмдөр туруктуулук жана натыйжалуулук сапаттарга ээ болот;

– Кыргыз Республикасынын мезгил чакырыктарына ишенимдүү жооп берүүгө жөндөмдүү, туруктуу өнүгүүнүн уңгулуу жолуна түшкөн жана ааламдык таасирлерге туруштук бере алган күчтүү, бекем жана гүлдөгөн мамлекетке айланышына алып барат.

## IV. Уңгужолдун негизги багыттары

### 1. Таалим-тарбия, илим, билим жана маданият

Жарандардын нарк талабына ылайык таалим-тарбияга, заманбап илим-билимге, жогорку маданиятка ээ болуусу жана өнөр-кесип үйрөнүүсү үчүн үй-бүлө, коом жана мамлекет үчилтиги бирдей кам көрүүгө милдеттүү.

Токтоосуз колго алынуусу жана үзгүлтүксүз улантылуусу керек болгон милдеттер төмөнкүлөр:



– предоставить каждому гражданину Кыргызской Республики институциональные условия для формирования общегражданского сознания, опирающегося на национальные нравственные основы;

– сформировать в сознании людей чувство гражданского патриотизма, поднять национальный дух всего народа, укрепить веру в прекрасное будущее;

– достижение национального самосознания, единения кыргызов, как титульного народа государства, независимо от места проживания, родоплеменной, региональной и религиозной принадлежности;

– укрепить дружбу и единство всех этносов, проживающих в Кыргызской Республике, сформировать в них чувство гордости за честь быть гражданами своей страны;

– на основе национальных ценностей кыргызского народа и требований современности усилить стремление людей служить на благо родной страны;

– наряду с такими качествами как справедливость, совестливость, доброта в сознании каждого кыргызского гражданина сформировать ответственность за безопасность государства;

– служить основным идеологическим направлением, подпитывающим веру в будущее страны, подталкивающим к служению ей верой и правдой.

Ожидаемые результаты Доктрины:

– Доктрина должна стать идеологической основой, формирующей определенные поведенческие и мыслительные убеждения каждого гражданина, его духовно-нравственные ценности и жизненные принципы;

– послужит толчком к началу и успешному развитию устойчивого, институционального и поступательного процесса, формирующего и развивающего у граждан национальную гордость, патриотизм, гражданские ценности и ответственность;

– устойчиво и результативно функционирующие государственные, общественно-политические, гражданские институты и структуры будут способствовать формированию нового поколения ответственных граждан, любящих свою страну, общество, семью, а также обеспечивающих экономический рост государства и его безопасность;

– Доктрина будет способствовать превращению Кыргызской Республики в сильное, способное успешно отвечать на многочисленные вызовы времени, устойчиво развивающееся, сильное и цветущее государство.

– таалим-тарбия берүүдө улуттук нарк баалуулуктарына артыкчылык берилиши жана анын жаңы тажрыйбалар менен байытылышы;

– жаш муундарга билим берүүнүн методдорун гана эмес, анын максат, мазмун, өлчөм жана мөөнөттөрүнүн алыскы келечекти эске алуу менен кайра каралышы;

– билим берүүгө болгон даярдык менен билим алууга болгон даярдыкты бири-бирине дал келтирүү боюнча чаралардын иштелип чыгышы жана ырааттуу ишке ашырылышы;

– кесиптик билим берүү, жаштарга өнөр-кесип үйрөтүү жагынын жандандырылышы жана анын жаңы нукта тынымсыз өнүктүрүлүшү;

– Кыргыз Республикасынын билими жогору, көптү билген, ошону менен бирге кесипкөй, жаратман адистерге болгон муктаждыктарын жоюунун кечиктирилбей колго алынышы;

– илимдин өнүгүшү менен мамлекеттин өнүгүшүнүн бири-бири менен өтмө катар байланышта экендигин таануу – илим тармактары өнүкпөгөн мамлекеттин келечеги жок экендигин, келечеги жок мамлекетте илим тармактары өнүкпөй тургандыгын дайыма эске алуу;

– илимдин бардык тармактарында, инновациялык технологиянын акыркы ачылыштарын колдонууга жетишүү, ошону менен илимий ойдун дүйнөлүк кендиги менен бийиктигин өздөштүрүү;

– мамлекеттин коргонуу жана коопсуздук каражаттарын жаратуу, жаңылоо жана толуктоо иштерин өз өлкөбүздүн илимий-өндүрүштүк жана билим берүү негиздерине бекем орнотуу;

– Кыргыз Республикасында асманды, жерди, абаны, сууну, адамды жана коомду дүйнөлүк, заманбап илимий-методикалык негизде изилдөөнүн маанилүүлүгүн эске алып, аларды жолго коюунун ыкчам чараларын көрүү;

– илимий адистерди даярдоо, илимий изилдөөлөрдү уюштуруу жана аларды натыйжаландыруу милдетин аткарган илимий жана билим берүү мекемелеринин иштөө тартибин, методун жана мүмкүнчүлүктөрүн кайра карап, жаңы талаптарды жана таянымдарды киргизүү;

– маданият жана көркөм өнөр маселелеринин өтө татаал, көп түрдүү экендигин эске алып, аларды чечүү жүрүмүн мамлекеттик камкордук, жарандык демилге, коомдук көзөмөл айкалышында жолго коюу;

– көркөм адабият, сүрөт өнөрү, музыкалык чыгармачылык, театр жана кино тармактары боюнча керектүү мыйзам актыларын иштеп чыгуу жана аларды жүзөгө ашыруу;

– адабият ишмерлерин: акын, жазуучу, драматург, адабий сынчы ж.б. калемгерлерди орто жана жогорку кесиптик даярдыктан өткөрүү жагын мамлекеттин көзөмөлүнө жана камкордугуна алуу.



## IV. Главные направления Доктрины

### 1. Воспитание, наука, образование и культура

Тройственный союз – семьи, общества и государства в равной степени ответственны за обеспечение граждан современным образованием, достойным воспитанием, высокой культурой, предоставление им возможности получить профессию.

Первостепенной важности задачи, которые необходимо каждодневно решать, следующие:

– процесс образования и воспитания осуществлять с превалированием национальных нравственных ценностей, обогащая их новым опытом;

– пересмотр не только методов образования новых поколений наших граждан, но и его долгосрочных целей, задач, содержания и сроков;

– разработка и последовательное претворение в жизнь мероприятий по гармонизации предоставления образования с готовностью граждан получить это образование;

– возрождение сферы профессионально-технического образования молодежи с обучением их современным профессиям, а также неустанное развитие данной сферы;

– скорейшее восполнение острой необходимости Кыргызской Республики в высоко и разносторонне образованных специалистах, в профессионалах своего дела;

– понимание того, что существует тесная взаимосвязь между развитием науки и развитием государства – нет будущего у государства, в котором неразвиты отрасли науки, без развития науки у государства нет будущего;

– во всех сферах науки использовать последние достижения инновационных технологий, это позволит овладевать всей шириной и глубиной мировой научной мысли;

– установить, что на основе научно-производственной и образовательной базы своей страны следует проводить работу по созданию, обновлению и дополнению средств безопасности и защиты государства;

– учитывая важность проведения на общемировой, современной научно-методической основе исследований неба, земли, воздуха, воды, человека и общества в Кыргызской Республике, осуществить срочные меры по их выполнению;

– пересмотреть условия деятельности, методы и возможности научных и образовательных учреждений по подготовке научных специалистов, организации эффективных научных исследований, с введением новых требований и принципов деятельности;

**2. Айлана-чөйрө**

Кыргыз жарандарынын аң-сезимине адам менен жаратылыштын эриш-аркак өнүгө тургандыгы, табияттын аялуу дүйнө экендиги жөнүндөгү түшүнүктөрдү бекем орнотуу менен, төмөнкү милдеттерди аткаруу:

– жаратылыш байлыктарын сарамжалдуу, ага зыян келтирбегендей этияттык менен пайдалануу;

– өндүрүш жана азык-түлүк калдыктарын заманбап технологияны колдонуу менен кайра иштетүү жагын жолго коюу;

– турмуштук керектөөлөрдө, өндүрүштө жашыл кубат мүмкүнчүлүктөрүн колдонууга артыкчылык берүү;

– экотутум булактарын коргоо жана аны түзүп турган ар бир көрүнүшкө жана кубулушка аяр мамиле жасоо;

– күчөп бара жаткан климаттык өзгөрүүлөрдүн таасирлерин азайтуу; аларга ылайыкташуу билимин, жүрүм-турум эрежелерин өздөштүрүү.

**3. Экономика**

Кыргыз Республикасынын Уңгужолунда экономикалык өнүгүүнүн төмөнкү милдеттерин аткаруу:

– менчиктин бардык түрлөрүн бирдей деңгээлде таануу жана аларды мыйзамдарга ылайык коргоо;

– жарандардын салык төлөө маданиятын жана финансылык сабаттуулугун жогорулатуу;

– ата мекендик айыл чарба жана өнөр жай өндүрүүчүлөрдү колдоо жана алардын продукцияларын дүйнөлүк соода мейкиндигине чыгаруу;

– айыл чарба тармагын өнүгүүнүн жаңы нугуна буруу, инновациялык технологиянын жетишкендиктерин пайдаланууга өтүү, бул багыттагы демилгелерди колдоо;

– жеңил жана оор өнөр жай продукцияларын чет өлкөлөргө сатуу (экспорт) менен чет өлкөлөрдөн сатып алуунун (импорт) ортосундагы тең салмаксыздыкты жоюунун башбагытын иштеп чыгуу:

– Кыргыз Республикасынын калкын **керектөөчү** эл абалынан **өндүрүүчү** эл деңгээлине жеткирүүнүн башбагыттык мерчемдерин белгилөө жана аны жүзөгө ашыруу;

– колдо бар заттык, финансылык жана интеллектуалдык мүмкүнчүлүктөрдү сарамжалдуу пайдалануу, ысырапкорчулукка жол бербөө;

– демилгелүүлүктү жана ишкердикти өнүктүрүү, креативдүү экономикага жол ачуу, жашыл экономикага басым жасоо;

– жарандардын аң-сезиминде адал эмгектен баар табуу, башка бирөөнүн байлыгына көз артпоо, мамлекеттик мүлктү өз мүлкүндөй көрүү жана коргоо баалуулуктарын калыптандыруу.



– учитывая весьма сложные и многообразные проблемы культуры и художественных ремесел, осуществлять их решение на основе государственной поддержки, гражданских инициатив и общественного контроля;

– разработка и введение в действие необходимых законодательных актов в сфере художественной литературы, изобразительного искусства, музыкального творчества, театра и кино;

– работу по специальной и высшей профессиональной подготовке деятелей литературы: поэтов, писателей, драматургов, литературоведов, литературных критиков и осуществлять под патронатом и контролем государства.

**2. Окружающая среда**

Наряду с твердым внедрением в сознание граждан Кыргызской Республики необходимости гармонического сосуществования Человека и Природы, понятия хрупкости мира, необходимо выполнять следующие задачи:

– беречь природные богатства, использовать их с предосторожностью, не причиняя вреда;

– переработку производственного мусора и остатков продуктов питания осуществлять с использованием современных технологий;

– в быту и производстве отдавать предпочтение использованию возможностей зеленой энергетики;

– защита источников экосистем и бережное отношение к каждому составляющему ее виду и явлению;

– уменьшение влияния все усиливающихся климатических изменений; освоение знаний и правил поведения по адаптации к таким изменениям.

**3. Экономика**

Доктрина Кыргызской Республики предлагает решить следующие задачи экономического развития:

– признание всех форм собственности и их защита согласно законам;

– повышение налоговой культуры и финансовой грамотности граждан;

– поддержка отечественных сельскохозяйственных и промышленных производителей, а также выхода их продукции в мировое торговое пространство;

**4. Мамлекеттик тил**

Кыргыз элинин жарандык аң-сезимин калыптандырууда, өлкөнүн өнүгүшүндө, улуттук маданияттын сакталышында мамлекеттик тилдин орду өзгөчө:

– мамлекеттик тил – Кыргыз Республикасынын Туу, Гимн жана Герби сыяктуу эле мамлекеттүүлүктүн символдорунун бири;

– мамлекеттик тил – Кыргыз Республикасынын бардык жарандарынын орток баалуулугу;

– мамлекеттик тилдин өнүгүшү жана коомдук турмуштун бардык тармактарында дайыма колдонулушу үчүн кам көрүү – ар бир кыргыз жаранынын милдети;

– тиешелүү мыйзам актыларынын талаптарына ылайык толук кандуу колдонулган мамлекеттик тил коомдун биримдигин, социалдык ынтымакты жана өлкөнүн туруктуулугун сактоонун жана чыңдоонун эң маанилүү булагы болуп калат;

– Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тилинин макамы тиешелүү мыйзам актылары аркылуу тастыкталган – кыргыз тили корголууга муктаж эмес, колдонулууга гана муктаж. Эне тилди коргоонун жана өнүктүрүүнүн жападан жалгыз жолу аны турмуштун бардык тармактарында кеңири колдонуу болуп саналат;

– кыргыз тилинин маселелерин заманбап технологияларды жана азыркы теориялык-методологиялык жетишкендиктерди колдонуу менен кайрадан изилдөөнү жолго коюу – заман талабы;

– Кыргыз Республикасында мамлекет жана мамлекеттик тил бири-бири менен тыгыз байланыштуу – бири экинчисинин бар болушун жана өнүгүшүн шарттайт.

**5. Социалдык мамилелер**

Кыргыз коомунун бүтүндүгүн сактоодо социалдык мамилелердин төмөнкү өңүттөрү өзгөчө мааниге ээ:

– кыргыз жарандарынын ар биринин тилине, жашаган жерине, этностук жана уруулук тек-жайына, диний ишенимдерине карабай, бири-биринин тутунган баалуулуктарына өз ара урмат менен мамиле кылуу;

– жарандар арасында ынтымакты жана социалдык ырашкерликти бекем орнотууга жарамдуу улуттук баалуулуктарды жалпы элге жайылтуу жана алардын таасирдүүлүгүн арттыруу чараларын иштеп чыгуу;

– салттуу үй-бүлө баалуулуктарын таануу жана алардын эл, улут, өлкө биримдигин жаратуу жана сактоо күчүн пайдалануу; аны алсыратууга, бузууга багытталган, ичтен жана сырттан жасалган аракеттерге өз убагында бөгөт коюу;



– переход сельскохозяйственной отрасли в новое русло развития, к использованию достижений инновационных технологий, поддержка инициатив в данной сфере;

– разработка стратегии по устранению неравенства между продажей продукции легкой и тяжелой промышленности за рубеж (экспорт) и покупкой из зарубежных стран (импорт);

– определение сроков и претворение в жизнь мероприятий по выводу населения Кыргызской Республики из разряда **народа-потребителя** на уровень **народа-производителя**;

– рациональное использование имеющихся материальных, финансовых и интеллектуальных ресурсов, недопущение бездумного применения;

– развитие инициативности и деловитости, поддержка креативной экономики с упором на зеленую экономику;

– формирование в сознании граждан убеждения, что только честный труд достойно вознаграждается, недопустимо зариться на чужое богатство, надо воспитывать отношение к государственному имуществу как к своей собственности и готовность защищать его.

**4. Государственный язык**

В процессе формирования гражданского сознания кыргызского народа, развития страны, сохранения национальной культуры особое место принадлежит государственному языку:

– государственный язык – один из основных символов Кыргызской Республики, наряду с Флагом, Гимном и Гербом;

– государственный язык – общее достояние всех граждан Кыргызской Республики;

– обязанность каждого кыргызского гражданина – забота о развитии и постоянном использовании государственного языка во всех сферах общественной жизни;

– полноценное использование государственного языка в соответствии с требованиями законодательных актов должно стать самым главным источником сохранения и укрепления единства общества, социального согласия и устойчивого развития страны;

– статус государственного языка Кыргызской Республики определено соответствующими законодательными актами – кыргызский язык не нуждается в защите, он нуждается только в широком использовании. Единственный способ сохранения и развития родного языка – его активное использование во всех сферах жизни;

– возрождение исследований проблем кыргызского языка с применением современных технологий и теоретико-методологических достижений – веление времени;

– эл арасындагы диний ишеним жөрөлгөлөрүнө ылайык түзүлгөн мамилелердин мамлекеттин мыйзам актыларына карама-каршы келишине жол бербөө;

– кыргыз салтындагы ата-бабаларды эскерүү, алардын сиңирген эмгегин, калтырган осуяттарын унутта калтырбоо;

– муундар арасындагы мамилелерди жөнгө салуу үчүн "улууга – урмат, кичүүгө – ызат" таянымын дайыма жандуу тутуу;

– туугандар, достор, кесиптештер жана кошуналар арасындагы өз ара баарлашуу, жардамдашуу баалуулуктарын колдоо.

**6. Дене тарбия жана спорт**

Жарандардын сергек жашоого жетишүүсүндө дене тарбия менен спорттун мааниси чоң. Бул багытта төмөнкү милдеттерди аткаруу зарыл:

– кыргыз жарандарынын сергек жашоо үлгүсүн жаратуу, аны жайылтууну колго алуу жана көзөмөлдөө;

– жарандардын өз ден соолугуна жана дене тарбиясына жоопкерчилик менен мамиле кылуу маданиятын калыптандыруу;

– жарандардын дени сак болуп, узак жана куунак өмүр сүрүүсү үчүн тиешелүү шарттарды түзүү;

– жаштарды спорттун заманбап түрлөрүнө шыктандыруу иштерин жайылтууну тиешелүү мамлекеттик мекемелердин туруктуу алып баруусун камсыздоо;

– спорттук тажрыйба жана мүмкүнчүлүктөрдү кимдир бирөөлөрдү басмырлоо, аларга күч көрсөтүү үчүн колдонууга тыюу салуу;

– Кыргыз Республикасында жашаган этностордун элдик спорт түрлөрүн жандандыруу жана анын мыкты үлгүлөрүн дүйнөгө таанытуу;

– кыргыз элин ыкчамдык, шайдооттук, тайманбастык, чечкиндүүлүк, тапкычтык, ойчулдук жана сабырдуулук сапаттарга тарбиялоочу салттуу спорт жана оюн-зоок түрлөрүнүн мыкты үлгүлөрүн жалпы адамзат кызматына сунуу.

**7. Дин**

Дүйнөлүк диндердин кайсынысы болбосун, кыргыз жарандарынын жүрүм-турум эрежелерин, кесипке жана эмгекке болгон мамилесин, убакытты пайдалануу тартибин, кийим кийүү жана тамактануу табитин, коомдук көнүмүштөрүн калыптандырган маданият, илим, билим жана улуттук нарк институттарынын ишине каршы келбеген жана алардын эч бирине тыюу салбаган учурларда гана, Кыргыз Республикасынын мыйзам актыларынын талаптарына ылайык иш алып бара алат, ошондуктан:



– в Кыргызской Республике государство и государственный язык тесно связаны между собой – они взаимно обуславливают существование и развитие друг друга.

**5. Социальные отношения**

В сохранении единства кыргызского общества особое значение имеют следующие стороны социальных отношений:

– взаимное уважение каждого кыргызского гражданина независимо от его языка, места проживания, этнического и родового происхождения, религиозных верований и признаваемых ценностей;

– разработка мероприятий по пропаганде среди всего населения национальных ценностей, способных установить и укрепить гражданское единство и социальное согласие, а также повысить степень их влияния;

– признание традиционных семейных ценностей и использование их возможностей создавать и хранить единство народа, нации и государства; своевременно ставить преграды внутренним и внешним попыткам их ослабить или вовсе разрушить;

– недопущение противопоставления установившихся в народе религиозных обрядов и установлений государственным законодательным актам;

– сохранение и приумножение традиций кыргызов почитать своих предков, помнить их деяния и мудрые назидания;

– всегда помнить и сохранять принцип, обуславливающий порядок взаимоотношений поколений: «старшим – почести, младшим – уважение»;

– поддержка таких ценностей как общение и взаимоподдержка между родственниками, друзьями, коллегами и соседями.

**6. Физкультура и спорт**

Велика роль физкультуры и спорта в здоровом образе жизни граждан. В этом направлении необходимо выполнить следующие задачи:

– формирование и пропаганда здорового образа жизни кыргызских граждан, осуществление контроля;

– построение культуры ответственного отношения граждан к своему здоровью и физической культуре;

– создание соответствующих условий для здоровой, долгой и счастливой жизни граждан страны;

– дин кызматкерлерин мамлекеттин коопсуздугун жана элдин биримдигин сактоо максатында улуттук кызыкчылыктарга төп келген, тиешелүү мыйзам актыларынын талаптарына шайкеш иш алып барууну милдеттендирүү;

– диний билим берүү мекемелеринин жана уюмдарынын окуу пландарында фундаменталдык билимдер менен бирге өлкө тарыхы, улуттук нарк баалуулуктары тууралуу анык, так жана жаңы маалыматтарга негизделген сабактардын болушун, алардын жогорку квалификациялуу адистер тарабынан окутулушун талап кылуу;

– диндердин гуманисттик таалим-тарбия берүү тажрыйбаларына урмат-сый менен мамиле кылуу;

– диний экстремизмге, динге байланыштуу келип чыккан ар кандай чыңалуулардын түрлөрүнө эч качан жол бербөө;

– диндер аралык, же кайсы бир диндин ичинде пайда болгон жамааттардын ортосундагы келишпестиктерди укуктук негизде жоюу;

– Кыргыз Республикасынын калкынын басымдуу көпчүлүгү Ислам дининин ханафий мазхабын (укуктук мектебин) жана матуридий акыйдасын (ишенимин) карманып келгендигине байланыштуу анын элге сиңген, улуттук каада-салт баалуулуктарын жерибеген, коомдогу жат көрүнүштөрдү жоюу жагынан пайдалуу жактарын эске алуу;

– жарандардын дин тандоо, динге ишенүү же ишенбөө эркиндиктерин тиешелүү мыйзам актыларында кандай көрсөтүлсө, ошондой гана өлчөмдө коргоо.

## V. Кыргыз жери

Кыргыз жери – көчмөндөр цивилизациясынын алтын бешиги; келечекте ааламдык илимий ачылыштар, дүйнөлүк маанидеги көркөм өнөр чыгармалары жарала турган ыйык жер; улуттук деми барган сайын арта берген нарктуу, айкөл элдин мекени.

Кыргыз жерине бул дүйнөнүн бейиши деген баа бекеринен берилген эмес. Ал ыйык: анын ар бир ууч топурагы каарман ата-бабаларыбыздын канына эчен ирет чыланып, эчен ирет камырдай жуурулган – алар урпактарым ушул куттуу жерде түбөлүк жашасын деп, жанын бергенге, канын төккөнгө кайыл болушкан. Биз ата-бабаларыбыздын көчүн татыктуу улап, ыйык мекенибизди, дайыма көздүн карегиндей сактап, коргоп, өз урпактарыбызга кемитпей, толугу менен өткөрүп берүүгө милдеттүүбүз!

Кыргыз жеринен сызылып чыккан мөлтүр булак сууну ичип, талаасынан өнүп чыккан даны менен азыктанып, аңкыган абасынан дем алып жашап жаткан ар бир адамдын күрөө тамырында биздин ата-бабаларыбыздын каны бар, көөдөнүндө муундан-муунга өтүп келген көрөңгөлүү деми бар. Карт тарыхтын сабактарын эске алсак, биздин өлкөбүздө бөлөк-бөтөн эч ким жок – баарыбыз кандашпыз, бир туугандбыз!



– обеспечение устойчивой деятельности государственных учреждений по пропаганде среди молодежи современных видов спорта;

– недопущение использования спортивного опыта и возможностей для унижения других и применения к ним силы;

– возрождение народных видов спорта всех этносов, проживающих в Кыргызской Республике, и ознакомление мирового сообщества с их лучшими образцами;

– презентация лучших образцов традиционных видов спорта и народных игр кыргызов, воспитывающих в людях ловкость, сноровку, мужество, решительность, гибкость мышления и терпение.

### 7. Религия

Любая из мировых религий может осуществлять деятельность в соответствии с требованиями законодательства Кыргызской Республики в случаях, если она не противоречит и не запрещает деятельность институтов культуры, науки, образования и национальных ценностей, способствующих формированию духовности и правил поведения, отношения к профессии и труду, распорядка времени, вкусов в одежде и питании, социального поведения кыргызских граждан, вследствие этого:

– в целях сохранения государственной безопасности, единства народа и национальных интересов обязать служителей религий проводить работу в полном соответствии с требованиями законодательных актов;

– требовать от учреждений и организаций религиозного образования в своих учебных планах, наряду с предметами по фундаментальным знаниям, наличия дисциплин по истории страны, национальным нравственным ценностям, основанным на достоверных, точных и новых сведениях, их преподавания высококвалифицированными специалистами;

– с уважением относиться к опыту религий в деле гуманистического воспитания;

– решительно противостоять религиозному экстремизму, различным видам напряженности, связанным с религией;

– устранять на правовой основе межрелигиозные или возникшие внутри отдельной религии групповые противоречия;

– учитывать такие положительные стороны ханафитского мазхаба (правовой школы) и матуридитской акыды (вероубеждения) религии Ислама, которого придерживается подавляющее большинство населения Кыргызской Республики, как признание давно

Бул ыйык жерде айкөлдүк өкүм сүрүп, эч бир жан, эч качан, эч кандай себеп менен, эч бир күч тарабынан кемсинтилбейт, басмырланбайт! Анын ээси – биз, кыргыз жарандары, баарыбыз биригип, бул ыйык Мекенибизди жан аябай коргоого дайыма даярбыз! Анын бир чымчым топурагына да, эч ким эч качан көз арта албайт!

Бул дүйнөнүн бейиши атыккан жерибизди ыксыз талап-тонобой, бөөдө ысырапка учуратпай, аяп, сүйүп, акыл-эс менен пайдалануу – баарыбыздын жарандык ыйык милдетибиз. Кыргыз жери – келечек муундарыбыздын эң негизги, түбөлүктүү Алтын казыгы!

Мына ушул куттуу жерди ээлеп турган мамлекет – Кыргыз Республикасы – баарыбыздын эң кымбат, жандан артык байлыгыбыз; аны баарыбыз биргеликте, кажыбас кайрат, талыкпас эмгек менен өнүгүүнүн дүйнөлүк бийиктиктерине чыгарабыз! Куттуу мамлекетибиз – Кыргыз Республикасы бар болгондугу үчүн гана биз барбыз – мамлекетсиз, биз баарыбыз эч жерде эч ким эмеспиз!

### VI. Кыргыз эли

Кыргыз эли – жеке өзүнө таандык тарыхый тагдыры бар, миндеген жылдар бою өз аталышын, мамлекеттүүлүк салтын жоготпой сактап келген, адамзат өркөнүнө орчундуу салым кошкон, дүйнөлүк коомчулук тарабынан таанылган, кайталангыс эл.

Кыргыз элинин тарыхы, алар менен иргелеш, этномаданий алакада жашаган башка элдердин да тагдырына таасир эткен, адамзаттын коомдук өнүгүү жолун өз тажрыйбалары менен байыткан орток окуяларга бай.

Кыргыз эли заттык жана рухий өндүрүш жагынан кайталангыс натыйжаларды жаратууга жетишкен: турак жайы, кийим-кечелери, тамак-ашы, аваздык аспаптары, улуттук оюндары, кол өнөрчүлүгү, чарбасы, дүйнөдө теңдеши жок элдик оозеки чыгармалары – баары көчмөндөр цивилизациясынын кайталангыс эстеликтери.

"Манас" үчилтиги – кыргыз элинин демин, социалдык жана тарыхый эс тутумун, дүйнөтаанымын жогорку көркөмдүктө чагылдырып, элдин этномаданий уңгусуна жана өзүн-өзү таануусунун түпбелгисине айланган улуу эпикалык мурас. Манас баатырдын айкөлдүгү, дем-кубаты кыргыз эрлерин азыркы кезде да жаңы бийиктиктерди багынтууга, жаңы эрдиктерди жасоого, жаңы ийгиликтерди жаратууга шыктандырып турат.

Манастан калган айкөлдүк – кыргыз мүнөзүн калыптандыруунун эң башкы үлгүсү, дүйнө эли али толук тааный элек, кайталангыс, идеалдуу адам модели. Айкөлдүк – кыргыз элинин жалпы адамзаттын акыл казынасына тартуулаган, тагдыр өзгөртүүчү, тарых жаратуучу улуу белеги. Дүйнөнү, ал турсун ааламды, айкөлдүк гана куткарат!



утвердившихся в народе национальных ценностей, обычаев и традиций, устранение отрицательных явлений в общественной жизни;

– защищать свободу выбора религии, вероисповедания или неверия граждан в религию только в той мере, в какой это предусмотрено соответствующими законодательными актами.

### V. Кыргызская земля

Земля кыргызов – золотая колыбель кочевой цивилизации; священная земля, на которой будут сделаны научные открытия мирового масштаба, будут созданы произведения искусства мирового значения; Отчизна великодушного народа, чей национальный дух никогда не был сломлен.

Недаром земля кыргызов издревле была наречена райским уголком мира. Она священна: каждая пядь ее не раз была полита кровью наших героических предков, которые стеной становились против многочисленных завоевателей, пытавшихся захватить этот рай на земле. Мы обязаны достойно нести наследие своих великих предков, как зеницу ока беречь свою священную Родину, чтобы оставить ее потомкам!

Мы живем, утоляя жажду ключевой водой из самого чрева земли, утоляя голод ароматным хлебом плодородных полей, вдыхая чистый воздух небесных гор. В жилах каждого из нас течет кровь наших великих предков, в груди от поколения к поколению живет могучий их дух. Если учесть уроки древней истории, в нашей стране нет чужих людей – все мы единокровные родственники!

На этой священной земле всегда царило великодушие, ни одна душа никогда, ни по какой причине, ничьей силой не подвергнется осмеянию и унижению! Хозяева ее – мы, кыргызские граждане, всегда готовые, не жалея своей жизни, защитить свою священную Отчизну! Ни на одну ее горсть никто и никогда не посмеет позариться!

Наша гражданская священная обязанность – не подвергать бездумному разграблению этот кусочек земного рая, по-сыновнему любить и беречь его, используя с умом. Кыргызская земля – для наших будущих поколений всегда будет основной и извечной драгоценной опорой.

Государство, которое владеет этой священной землей, – Кыргызская Республика – наше ни с чем несравнимое богатство; все мы в единстве, неукротимой смелостью и неустанным трудом выведем его на вершины мирового развития! Мы существуем потому, что существует наше благодатное государство – Кыргызская Республика, без нашего государства мы никто!

Кыргыз эли – кыйын кырдаалдарда тайманбастык менен түп көтөрүлө чыгып, биримдиктин жана уюшкандыктын кайталангыс өрнөктөрүн дүйнөгө көрсөтүп келген эл. Ал ата-бабанын акыл-насааттарын уңгужол тутуп, табият менен ырашкерликте, кошуна элдер менен жылуу мунасада жашайт, ошону менен бирге, басып келген душмандар менен айыгышкан күрөшкө чыгууга, жеңишке жетишүүгө дайыма даяр турат.

Кыргыз жаранынын нарк өзөгүн адилеттүүлүк, калыстык, ой эркиндиги, жаратмандык, чыдамкайлык, сабырдуулук жана боорукердик түзөт; ал эч качан эч кимди кемсинткен эмес, ал эми өзүн кемсинткендердин татыктуу жообун дайыма берип келген.

Кыргыздар – байыркы доордон бери Улуу Жибек жолунун боюн, Чыгыш менен Батыштын баалуулуктары айкашкан жерлерди конуштап, алардын маданий таасирлерине дуушар болсо да, өз маданиятынын нукуралыгын жоготпой сактап, баба наркын бийик туткан эл.

Кыргыздар эч бир элден жатыркабайт, өлкөсүндө ирегелеш жашап жаткан этносторду тилине, салтына, динине, сырткы келбетине карата эч качан өгөйлөбөйт, алардын баарын өзүнүн бир бөлүгү катары эсептеп, биздин эл деп атайт. Кыргыз инсанынын эң жек көргөн душманы – этностук эгоизм жана жикчилдик.

Кыргыздар табигый жана социалдык өзгөрүүлөрдү тез кабыл алып, ыкчам өздөштүрүп жана ылайыкташып, аларды улуттук негизде сиңирип алып, жашоо-турмушунда колдоно алган ийкемдүүлүгү менен айырмаланат. Ал өзүнүн таланттуу жарандары, ээлеп турган мекени, бай тарыхы, жараткан маданий мурастары жана улуттук нарк баалуулуктары менен кайталангыс.

Кыргыз эли – келечектин эли, анын жалпы адамзатка тартуулай турган улуу белектери али алдыда!

## VII. Улуттук сыймык жана жарандык мекенчилдик

### Өбөлгөлөр жана тобокелдиктер

Улуттук сыймык элдин тарыхын, тилин, маданиятын жана салттуу баалуулуктарын таанып-билүүдөн, аларга урмат менен мамиле кылуудан башталат. Эгемен мамлекеттин ээси болуу – ар бир жарандын улуттук сыймыгынын башкы булагы. Улуттук сыймык келечек үчүн кам көрүү милдети менен жоопкерчиликти бирдей моюнга алуу сезимдеринин айкалышында жаралып бекемделет.

Жарандык мекенчилдик кыргыз элинин өзүн-өзү таануусун урматтоо, анын тарыхы, тили, маданияты жана нарктуулугу менен сыймыктануу шартында калыптанат. Жарандык мекенчилдик сезими ар бир жарандын аң-сезиминде орун албаса, эл биримдиги ыдырроо жана бөлүнүү коркунучуна дуушар болот.



## VI. Кыргызский народ

Кыргызский народ – признанный мировым сообществом неповторимый народ со своей богатой исторической судьбой, на протяжении тысячелетий сумевший сберечь свое название, традиции государственности, вложивший в сокровищницу человеческой цивилизации свой значительный вклад.

История кыргызского народа оказала влияние и на судьбы других соплеменных народов, бывших с ним в достаточно тесных этнокультурных взаимосвязях, обогатила событиями своей истории пути общественного развития человечества.

Кыргызский народ достиг неповторимых результатов как в материальной, так и духовной сфере: жилище, одежда, еда, музыкальные инструменты, народные игры, ремесла и хозяйственные традиции, а также неповторимые устные произведения – все это бесценные памятники кочевой цивилизации.

Трилогия «Манас» – великое эпическое наследие, на высочайшем художественном уровне отразившее дух кыргызского народа, его социальную и историческую память, мировоззрение, ставшее этнокультурным стержнем народа и главным кодом самосознания. Великодушие батыра Манаса, его сила и дух и сейчас воодушевляют кыргызских героев на покорение новых вершин, совершение мужественных поступков, достижение новых успехов.

Великодушие Манаса – самый главный образец формирования кыргызского характера, модель неповторимого, идеального человека, пока еще полностью не познанного народами мира. Великодушие – великий, меняющий судьбы, творящий историю дар кыргызского народа в общечеловеческую казну разума. Лишь великодушие спасет не только наш мир, но и всю вселенную!

Кыргызский народ в годы тяжких испытаний, мужественно поднимался на защиту своих рубежей, показывая всему миру пример единства и организованности. Назидания предков он выполнял беспрекословно, жил в гармонии с природой и в согласии с соседними народами, вместе с тем всегда готовый выступить на защиту родной земли и победить любого врага.

Истинную суть кыргызского гражданина составляют честность, справедливость, свобода мысли, созидательность, терпеливость, толерантность и милосердие; он никогда никого не унижал, а тем, кто пытался унизить его, всегда давал достойный ответ.

Несмотря на то, что кыргызы с древнейших времен обитали на Великом шелковом пути, на пересечении культур и ценностей Востока и Запада, испытывая их значительное влияние, они все равно смогли сохранить свою самобытную культуру и высокий дух предков.

Кыргыз элинин өзүн-өзү таануусун, бирдейлешүүсүн сактоо жана бекемдөөгө шарт түзүү коом ынтымагын камсыздап гана тим болбостон, улуттук биримдикти, маданий көп түрдүүлүктү жана жарандык сабырдуулукту өнүктүрүүгө да өбөлгө түзөт.

Жарандык мекенчилдикти калыптандырууда улут билгелеринин орду чоң. Ар бир жаран элге, Мекенге кызмат кылууда төмөнкү милдеттерди аткаруу менен гана улуттун сыймыгына айланып, улут билгеси боло алат:

– жарандардын улуттук аң-сезимин калыптандыруу жүрүмүндө үлгү катары кызмат өтөө, коомдун өнүгүүсү үчүн жаңы идеяларды берүү, жол көрсөтүү;

– дүйнөлүк масштабдагы өзгөрүүлөрдү талдоо менен алардын ичинен улуттук кызыкчылыкка төп келген натыйжаларды ылгап алуунун жолдорун сунуштоо;

– улуттун биримдигин чыңдоодо, жаштарды улуттук нарк баалуулуктары менен тарбиялоодо өрнөк көрсөтүү.

Аң-сезиминде жана иш-аракеттеринде аймактык, этностук, уруулук, диний чектелүүлөрдүн таасири алдында калып, жалпы улуттук деңгээлге көтөрүлө албаган, Кыргыз Республикасынын мыйзам актыларына шек келтирген инсандар улут билгеси боло албайт.

Мекенчил кыргыз жараны – элге кызмат кылуу дараметине, заман талабына ылайык билим жана кесипкөйлүккө ээ, эркин ой жүгүртүп, өз алдынча туура чечим чыгара алган, максатына жетүүдө ар кандай тоскоолдуктарды жеңе билген, эрки бекем, өз мекенин, элин чексиз сүйгөн инсан.

## VIII. Кыргыз жаранынын негизги баалуулуктары

Кыргыз жараны – баалуулук, ишеним, таяным жана идеалдар тутумунун жандуу алып жүрүүчүсү; үлгүлүү жүрүм-турум ченемдерин күндөлүк жашоо тартибине айландырган адам:

– кыргыз жаранынын эң башкы баалуулуктары анын мекени, эли жана мамлекети – Кыргыз Республикасы;

– жарандардын Кыргыз Республикасын жана анын мамлекеттик символдорун ыйык туткан жогорку, кайталангыс аң-сезим деңгээли;

– адамдардын кандай шартта болсо да, жарандык мекенчилдик таянымдарынан тайбаган туруктуулук, шертке бектик сапаттары;

– коом мүчөлөрүнүн кыргыз жараны болгондугу үчүн сыймыктануу, шыктануу сезимдери менен коштолгон көтөрүңкү деми жана жаратмандык маанайы;

– адам, үй-бүлө, коом, мамлекет жана алардын учурдагы абалына, келечегине салттуу жана заманбап таалим-тарбиянын негизинде калыптанган жогорку жоопкерчилик сезими;

– улуттук нарк баалуулуктарына сый-урмат менен мамиле жасоо жана аларды жандуу тутунуунун салттуу, жаңычыл чаралары;



Кыргызы всегда были этнотолерантны, никогда не отчуждали представителей других этносов, проживающих рядом, по языку, традициям, религиозной принадлежности, внешнему виду, считая всех частью своего народа, называя их биздин эл – наш народ. Самый главный враг кыргызского гражданина – этнический эгоизм и сепаратизм.

Кыргызы отличаются тем, что быстро воспринимают природные и социальные изменения, легко адаптируясь к ним и включая в свою национальную основу, с гибкостью используя их в своем быту. Народ неповторим своими талантливыми гражданами, прекрасной отчизной, богатой историей, культурным наследием и национальными духовными ценностями.

Кыргызский народ – народ будущего, его великие дары всему человечеству еще впереди!

## VII. Национальная гордость и гражданский патриотизм

### Предпосылки и риски

Национальная гордость начинается со знания истории народа, языка, культуры и традиционных ценностей, уважительного отношения к ним. Быть хозяином независимого государства – основной источник национальной гордости каждого гражданина. Национальная гордость возникает и укрепляется сочетанием обязанности заботиться о будущем и одновременно чувством ответственности за нее.

Гражданский патриотизм формируется в условиях уважения кыргызским народом самопознания, гордости за свою историю, язык, культуру и духовность. До тех пор, пока чувство гражданского патриотизма не укоренится в сознании каждого гражданина, единство народа будет в опасности раскола и разделения.

Создание кыргызским народом условий для сохранения и укрепления самопознания, объединения обеспечивает не только согласие в обществе, но и способствует развитию национального единства, культурного многообразия и гражданской толерантности.

В процессе формирования гражданского патриотизма велика роль людей, пользующихся авторитетом и влиянием. Каждый гражданин может стать национальной гордостью и авторитетным в стране человеком, если в служении родине он выполнит следующие обязанности:

– в ходе формирования национального сознания граждан образцово служить, подавать новые идеи для развития общества, показывать пути их достижения;

– осуществляя анализ изменений мирового масштаба, предлагать пути вычленения из них того, что отвечает национальным интересам;

– улуттук жана этномаданий түпбелгилер, бай жана жандуу тарыхый, социалдык эс тутум;

– адилеттүүлүк, теңдик, ар-намыстуулук жана абийирдүүлүктү сактоодогу бекемдик, таянымдуулук жана майтарылбастык;

– маданияттуулукту, адамгерчилик сапаттарды жана айкөлдүк мүнөздү дайыма урматтоо;

– доско жумшак, тууганга боорукер, душманга катаал мүнөзү, адамдардын арасында тынчтыкты, мунасалуулукту сактоого дайыма умтулган адаты;

– адамга жасалган көсөмдүк мамилеси: "жакшылыкка жакшылык – ар кишинин иши, жамандыкка жакшылык – эр кишинин иши, жамандыкка жамандык – тар кишинин иши, жакшылыкка жамандык – көр кишинин иши" деген көөнөрбөс таянымы;

– ар кыл себептер менен өмүрү коркунучта калган адамдарды, ким экенине карабай, сөзсүз куткаруу үчүн өз өмүрүн тобокелге сала билген гуманисттиги, эр жүрөктүк мүнөзү;

– адал эмгек өтөөгө, өлкөнүн саясий-экономикалык жана коомдук иштерине жигердүү катышууга дайыма даяр тургандыгы;

– билим алууга, өнөр-кесип үйрөнүүгө, инновациялык технологияны өздөштүрүүгө болгон чексиз умтулуу өзгөчөлүгү жана аларды өздөштүрүүгө болгон жөндөмдүүлүгү;

– жаратылыш байлыктарын кылдат, сарамжалдуу, аяр пайдалануу жана табият менен ырашкерликте жашай билүү маданияты.

## IX. Чакырык

Кыргыз эли өзүнүн 3000 жылдык тарыхында кээде жылдызы жанып каганат курса, кээде мамлекеттүүлүгүнөн ажырап, көз каранды абалга дуушар болгон. Ушул кезге чейин сакталып келишине, кайрадан өзүнүн эгемендүү мамлекетине ээ болушуна элдин өзү түптөп өнүктүргөн көөнөргүс баалуулуктары, кулк-мүнөзү, бекем турмуштук таянымдары, уңгулуу жолунан тайбаган нарктуулугу негиз болуп берди.

Өзүнүн дүйнө тарыхындагы ээлеген ордун түбөлүк коргоп калууну көздөгөн кыргыз эли, тутунган уңгулуу жолунан, улуттук деминен жазбай, келечекке ишеним менен карап, жеке өзү гана эмес, азыркы тынымсыз өзгөрүлүп, кооптуу болуп бара жаткан дүйнөдөгү жалпы адамзат коому үчүн да өтөшү керек болгон вазипаларынын бар экенин моюнга алышы керек. Кыргыз болуу тарыхтын жүрүшүн артынан акмалап, зэрчип жашаган элдердин бири бойдон калуу эмес! Кыргыз болуу – ата-бабасы кандай болсо дал ошондой, атырылып алга чыгуу, тарых жаратуу, дүйнөнү деми менен талыкпай өргө сүрөө деген сөз!

Кыргыз Республикасынын мамлекет катары ыкчам жана туруктуу өнүгүүсү үчүн анын бардык жарандарынын, адегенде соңку он



– в процессе укрепления единства нации служить образцом воспитания молодежи на национальных духовных ценностях.

Личность, не сумевшая в своем сознании и действиях выйти за рамки региональных, этнических, родовых, религиозных масштабов, не сумевшая подняться на общенациональный уровень, нарушившая законодательные акты Кыргызской Республики, не может стать национальной гордостью и авторитетом.

Кыргызский гражданин-патриот – личность, способная служить на благо своего народа, имеющая знания и профессионализм сообразно требованиям времени, способная мыслить свободно и принимать самостоятельно правильные решения, решительно преодолевать различные преграды для достижения цели, безгранично любящая свою отчизну и народ.

## VIII. Основные ценности кыргызского гражданина

Кыргызский гражданин – истинный носитель системы ценностей, веры, принципов и идеалов своего народа; человек, обративший образцовое поведение в норму своей повседневной жизни а именно:

– самые главные ценности кыргызского гражданина – его родина, народ и государство – Кыргызская Республика;

– высокий, неповторимый уровень сознания граждан, выражающийся в священном отношении к Кыргызской Республике и ее государственным символам;

– люди, которые независимо от обстоятельств, никогда не нарушают клятвы, устойчивы в принципах гражданского патриотизма;

– гордость членов общества за то, что они являются кыргызскими гражданами, их высокий дух и созидательное настроение;

– чувство высокой ответственности за нынешнее состояние и будущее граждан, семьи, общества, государства, сформированное на основе традиционного и современного образования и воспитания;

– уважительное отношение к национальным духовным ценностям и традиционным, инновационным мерам по их сохранению;

– национальные и этнокультурные коды, богатая и живая историческая, социальная память;

– твердость, принципиальность и непримиримость в защите справедливости, равенства, чести, достоинства и совестливости;

– неуклонное уважение к культуре поведения, человечности и великодушию;

– характер к другу – мягкий, к родственнику – душевный, к врагу – жесткий; привычка всегда стремиться сохранять среди людей мир и согласие;

жылдыктарда пайда болгон зыяндуу адаттардан, өнөкөткө айланган терс көрүнүштөрдөн, негизсиз ишенимдерден, түшүнүктөрдөн жана идеологиялык түркөйлүктөн, сырткы жагымсыз таасирлерден биротоло арылып, андан соң ички мүмкүнчүлүктөрдү жана каражаттарды акылмандык менен колдонууга өтүүсү кажет. Ой-пикири, дили арууланбаган адамдар байлыктын эч бир түрүн туура, пайдалуу колдонууга жана анын турмуштагы маанисин жеткире түшүнүүгө жетише албайт.

Бардык кыргыз жарандарынын эркин жана бактылуу өмүр сүрүүсү, социалдык-экономикалык жана коомдук-саясий турмуш жүрүмдөрүнө жигердүү катыша билүүсү үчүн керектүү шарттар түзүү жолунда баратабыз. Социалдык өнүгүүнүн мындай деңгээлине эгемендүүлүктү туу тутуу, коомдогу маданий көп түрдүүлүктү сактоо, сабырдуулук таянымдарын кармануу, нарктуулукту аздектөө жана талыкпай эмгектенүү жолдору менен гана жетишүүбүз мүмкүн. Буга элибиз да, мамлекетибиз да толук даяр.

Мындай жагымдуу кырдаалды жаратуу жана аны сактап туруу тилеги ар бир кыргыз жаранынын жүрөгүндөгү өз өлкөсүнө болгон сүйүү жана аны менен сыймыктануу сезимдеринен келип чыгат. Ушунун өзү Кыргыз Республикасынын күрдөөлдүү өнүгүү жолуна түшүшүнө, келечекте гүлдөп-өскөн өлкөгө айланышына, өндүрүштүн бардык тармактары боюнча дүйнөлүк бийиктиктерди багындырышына, элинин бардар жана бактылуу турмушта жашашына алып келет.

Кыргыз жаштары дүйнөнүн көпчүлүк өнүккөн өлкөлөрүндө эмгектенүү менен, ал өлкөлөрдүн чарба жүргүзүү, өндүрүш түрлөрүн жаратуу, маданий жаратмандык тажрыйбаларын өздөштүрүп, өз өлкөсүн өнүктүрүүнүн камылгасын көрүп келишет. Кыргыз эли өзүнүн улуттук деми жана дүйнө элдеринин тажрыйбаларын өздөштүргөн мына ушул мекенчил жарандары менен бирге дүйнөлүк бийиктиктерди багындырат.

Кыргыз Республикасын бардык жеңиштерге жана жакшылыктарга анын калкынын ынтымагы, жарандарынын намыскөйлүгү, элинин нарктуулугу, улутунун деми, бийлигинин адилеттиги, жалпы журтунун күжүрмөндүгү, албетте, дүйнөнүн тынчтыгы жеткирет!

Улутубуздун деми менен ургаалдуу өнүгүү жолуна түшөбүз!

Улутубуздун деми менен өндүрүштүн бардык тармактарында дүйнөлүк бийиктиктерди багындырабыз!

## X. Колдонулган түшүнүктөр, терминдер

**Баалуулук** – жарандардын акыл-эси, ой-сезими, пикири, табити жана жалпы маданиятынын калыптануу, өнүгүү жүрүмүндө аныктоочу, багыттоочу күчкө ээ болгон, ошонусу менен коомдун алга жылышына



– мудрое отношение к людям с неизбывным принципом «добро за добро – дело каждого человека, добро за зло – дело доблестного человека, зло за зло – дело недалекого человека, зло за добро – дело слепого человека»;

– гуманистический и смелый характер человека, всегда рискующего своей жизнью ради спасения людей, чьи жизни по разным причинам находятся в смертельной опасности независимо от того, кем они являются;

– готовность всегда совершить доброе дело, активно участвовать в политико-экономической и общественной жизни страны;

– безграничное стремление к овладению знаниями, обучению различным профессиям, овладению инновационными технологиями и способность ими овладеть;

– культура бережного, рационального использования природных богатств и умение жить в гармонии с ней.

## IX. Воззвание

За свою более чем 3000-летнюю историю кыргызский народ пережил много взлетов и падений, от создания каганата до потери своей государственности и попадания в зависимость. Основой того, что до настоящего времени он сохранился как этнос, и вновь образовал независимое государство, стали созданные самим народом на протяжении веков неподвластные времени ценности, героический характер, твердые жизненные принципы, умение не сворачивать со своего пути.

Кыргызский народ в своем стремлении навечно сохранить свое место в мировой истории уверенно глядит в будущее, не теряя своего национального духа и не сходя с избранного стратегического пути. Он понимает, что в нашем стремительно меняющемся и становящимся все более опасном мире у него есть ответственность не только перед собой, но и перед всем человечеством. Быть кыргызом вовсе не означает, что достаточно быть одним из представителей тех народов, которые спокойно следуют за ходом своей истории! Быть кыргызом значит подобно своим предкам, быть во главе поступательного стремительного движения, творя историю и своим пассионарным духом двигать мир к высотам развития!

Для быстрого и устойчивого развития Кыргызской Республики как государства все его граждане должны полностью очиститься от негативных привычек, обретенных в прошедшие десятилетия безосновательных надежд, понятий, идеологического невежества, вредных влияний извне, и только затем начать с присущей народу мудростью использовать свой внутренний потенциал и средства.

оң таасирин тийгизген, салттуу жана заманбап, рухий жана заттык, улуттук жана дүйнөлүк туруктуу болумдар.

**башбагыт** – стратегия термининин кыргызча түшүндүрүлүшү, аталышы; чоң жана татаал максаттарга жетүү үчүн бардык мүмкүнчүлүк, күч-кубат жана демилгелерди эсепке алуу менен атайын иштелип чыккан, сөзсүз аткарылышы керек болгон милдеттердин өзөктүү багыттарын камтыган, узак убакытка эсептелген олуттуу максат-мүдөө мерчеми.

**болум** – 1. адамдардын аң-сезимине, эркине жана каалоолоруна баш ийбеген, объективдүү дүйнө (бытие); 2. жаратылыш, адам, коом жана ойлом чөйрөлөрүндөгү кандайдыр бир жүрүмдөн келип чыккан, бүтүндүк касиетке ээ натыйжа, анын жалпылаштырылган аталышы.

**жашыл кубат** – табият мүмкүнчүлүктөрүн колдонуу менен өндүрүлгөн кубат түрлөрү. Жашыл кубаттын негизги булактары: күн нуру, жердин түпкүрүнөн чыккан жылуулук, дарыялардын агымдары, деңиз толкундары жана шамал.

**жарандык коом** – коомдук турмуштун экономикалык, укуктук, саясий, социалдык жана рухий чөйрөлөрүндө эркин инсандар тарабынан ыктыярдуу түрдө, максаттуу түзүлгөн, мамлекеттик эмес, иши мамлекеттик бийлик органдарынын түздөн-түз кийлигишүүсүнөн мыйзамдар аркылуу корголгон социалдык топтор жана алардын чөйрөсү.

**жарандык мекенчилдик** – жарандардын этностук, диний, жамааттык, аймактык таандыктыктарына карабай, мекенди жан-дили менен сүйүүсү жана аны коргоого дайыма даяр туруусу, мамлекеттин бийлик түзүмдөрү менен символдоруна урмат менен мамиле кылуусу; өзүнүн саясий жана укуктук тандоосунун эркиндигин туура пайдаланып, өлкөгө, коомго пайда келтирүү үчүн жекече шык, жөндөм, талантын дайыма жигердүү колдонуусу.

**кайталангыстык** – табият, коом жана акыл-ой айдыңында жападан жалгыз же өтө сейрек учураган көрүнүш, кубулуш же идея түрүндөгү баалуулуктарга берилген өзгөчө сыпат; улуттук нарктын курамдык бирдиктеринин эң башкы өзгөчөлүгү (уникалдуулук).

**кыргыз жараны** – Кыргыз Республикасынын Конституциясына жана тиешелүү башка мыйзам актыларына ылайык этностук, диний, социалдык жана аймактык таандыктыгына карабастан Кыргыз Республикасынын жаранынын укуктарына толук ээ болгон жана анын милдеттерин толук мойнуна алган, мамлекеттик тилди билген адам; ал жалпы жарандык бирдейликке жетишүү менен бирге, өзүнүн этномаданий өзгөчөлүктөрүн сактоого да акылуу.

**намыс** – адамдын коомдо өзүн-өзү татыктуу, туура, адамгерчиликтүү, эркин алып жүрүүсүн жөнгө салган элдик-гуманисттик жана жеке инсандык таанымдардын жыйындысы; намыстуулук – өзүнүн, жакындарынын, улутунун, өлкөсүнүн же



Люди, не очистившие свой внутренний мир, мысли и мнения, никогда не смогут правильно и с максимальной пользой распорядиться различными видами богатств, ибо не понимают глубоко значения жизни.

Мы вступили на путь создания необходимых условий для свободной и счастливой жизни всех кыргызских граждан, возможности деятельно участвовать в процессах социально-экономической и общественно-политической жизни страны. Подобного уровня социального развития можно достичь, если мы сделаем независимость своим знаменем, сохраним культурное многообразие общества, будем твердо придерживаться принципов толерантности, лелеять свою духовность и трудиться без устали. К этому готовы и народ, и государство.

Желание создать и сохранить столь благоприятные условия живет в сердце каждого кыргызского гражданина, обусловлено его любовью к своей стране и чувством гордости за нее. Уже само это приведет Кыргызскую Республику на путь стремительного развития, превращения в недалеком будущем в цветущую страну, которая сможет покорить мировые высоты по самым различным сферам производства, в страну, в которой живут благополучные и счастливые люди.

Кыргызская молодежь, трудясь во многих развитых странах мира, знакомится с методами ведения хозяйства в этих странах, овладевает их культурой и созидательным опытом, чтобы использовать все это на благо своей родины. Кыргызский народ с присущим ему национальным духом и с помощью молодого поколения, освоившего опыт передовых стран мира, сможет покорить мировые вершины.

Кыргызскую Республику к победам и достижениям приведут согласие между всеми жителями страны, честь и достоинство граждан, духовность народа, дух нации, справедливость власти, трудолюбие всего народа и конечно, мир во всем мире!

С национальным духом вступим на путь интенсивного развития!

С национальным духом мы покорим мировые высоты во всех сферах производства!

## X. Использованные понятия, термины

**Ценности** (баалуулук) – это традиционная и современная, духовная и материальная, национальная и глобальная устойчивая бытийность, имеющая определяющую и направляющую силу в формировании и развитии сознания, мыслей, мнений, вкусов и общей культуры граждан, тем самым положительно влияющая на прогресс общества;

башкалардын кайсы бир күчтөр тарабынан бөөдө басмырланышына жол бербөө таянымы.

**нарк** – кыргыз элдик этикасы менен демейки укук корутундуларынын тутуму; коомдук турмуш тажрыйбаларынын эң алгылыктуу, келечекке кызмат өтөй ала турган ой натыйжаларынан иргелип чыгып, тарых сыноосунан өткөн, элдин бар болушунун чечүүчү факторлорунун бирине айланган; адамдардын жүрүм-турумун, өзүнө, башкаларга, коомго, өлкөсүнө болгон мамилелерин аныктап, аларды ичкертен жөнгө салып турган оозеки/жазылуу эрежеси, тартип. Нарк баалуулуктары жана ченемдери элдик жөрөлгө, үрп-адат, салт жана мыйзам актылары аркылуу жүзөгө ашырылат.

**нарктуу жаран** – эли-жерин, өлкөсүн чексиз сүйгөн, мамлекеттүүлүктү бекемдөөгө дайыма даяр турган, өзүнүн жана элдин намысын коргой алган, улуттук баалуулуктарды аздектей билген, улууларга урмат көрсөтүп, кичүүлөрдү ызаттаган, айткан сөзү менен кылган иши дал келген, көптү билүүгө умтулган, калыс, сабырдуу, ак ниет, токпейил, кечиримдүү жаран.

**өркөн** – цивилизация термининин кыргызча түшүндүрүлүшү, аталышы; этномаданий бирдейликке ээ болгон социалдык топтордун белгилүү бир тарыхый доордо, белгилүү бир аймакта туруктуу (же көчүп-конуп) жашоо менен заттык жана рухий маданияттын жалпы адамзаттык маанидеги кайталангыс эстеликтерин жаратууга жетишиши, өзүнүн коомду башкаруу түзүмүнө жана мамлекеттүүлүгүнө ээ болушу. Кыргыз эли – көчмөндөр цивилизациясын жараткан байыркы элдердин бири.

**таяным** – принцип термининин кыргызча чечмелениши, аталышы; коом, акыл-эс жана аң-сезимди өстүрүп-өнүктүрүү жолунда кармалуусу зарыл болгон ой-бүтүм, пикир, көз караш жана идеялардын атайын иштелип чыккан бирдиктүү тутуму. Ал коомдук өнүгүү жүрүмүндө башбагыттын туура аныкталышын, башталган аракеттин ийкемдүү илгерилөөсүн камсыздоо менен бирге керектүү чектөөлөрдү да коёт, ошонусу менен жүрүмдү максатка ылайык натыйжа чыгаруу жолуна салат.

**түпбелги** – код терминин кыргызча чечмелениши, аталышы; улуттун бүтүндүгүн, этномаданий турпатын, интеллектуалдык күчүн жана буларды түзүп турган курамдык бөлүктөрдү таанып-билүүдө адамдардын акыл-оюнда бирдей элес, пикир жарата алган заттык же заттык эмес болумдар. Этномаданий түпбелгилер адамдардын ой жүгүртүүсүнө, жүрүм-турумуна жана өз ара мамилелерине терең таасир этип, багыт берүүчү күчкө ээ.

**улут** – адам коомундагы тил, жашаган аймак, маданият, дин, жүрүм-турум, кулк-мүнөз жагынан, ошондой эле социалдык-экономикалык уюшуму, тарыхый тажрыйбасы, турмуш өткөрүү жолдору, таянган нарк баалуулуктары боюнча бирдейликке ээ



**стратегия** – серьезное долгосрочное целеполагание, включающее стержневые направления задач, которые должны быть выполнены в обязательном порядке, специально разрабатываемое с учетом всех возможностей, сил и инициатив для достижения большой и сложной цели;

**бытие** (болум) 1. объективный мир (бытие), не подчиняющийся сознанию, воле и желаниям людей; 2. результат какого-либо процесса в сферах природы, человека, общества и мышления, имеющий свойство целостности, его обобщенное название;

**зеленая энергия** (жашыл кубат) – вид энергии, производимой с использованием природных ресурсов. Основными источниками ее являются: солнечный свет, геотермальное тепло, водные потоки, морские волны и ветер;

**гражданское общество** (жарандык коом) – добровольно и целенаправленно создаваемые свободными личностями в экономической, правовой, политической, социальной и духовной сферах общественной жизни негосударственные социальные группы, деятельность которых охраняется от прямого вмешательства органов государственной власти законами;

**гражданский патриотизм** (жарандык мекенчилдик) – искренняя любовь к родине граждан независимо от этнической, религиозной, коллективной, региональной принадлежности, постоянная готовность защищать ее; уважение к государственным символам и структурам власти; правильное использование свободы политического и правового выбора; постоянное активное использование личных талантов, способностей и опыта на благо страны и общества;

**уникальность** (кайталангыстык) – это особая характеристика, передаваемая ценностям в виде неповторимого или крайне редкого явления или идеи в природе, обществе и сознании; важнейшая особенность составной части национальных ценностей;

**кыргызский гражданин** (кыргыз жараны) – гражданин Кыргызской Республики; лицо, которое в соответствии с Конституцией и иными законодательными актами Кыргызской Республики, независимо от этнической, религиозной, социальной и региональной принадлежности, в полной мере осознает свои обязанности, владеет государственным языком; имеет право достичь не только всеобщей гражданской идентификации, но и сохранить свою этнокультурную особенность;

**честь** (намыс) – чувство человеческого достоинства, совокупность народно-гуманистических и личных принципов человека, регулирующих достойное, правильное, гуманное и свободное поведение личности в обществе; защита чести – это принцип недопустимости безосновательной дискриминации со стороны каких-

болгон тарыхый-социалдык бүтүндүк; учурдун жогорку коомдук түзүлүш талаптарына жооп берген, башка этностук топторду да ичине алган, өзүнүн улуттук идеясын жараткан жана аны жүзөгө ашыруунун башбагытын аныктоого жетишкен, өнүгүүнүн мамлекеттик жолуна түшкөн, дүйнө коомчулугу тарабынан таанылган, туруктуу этносоциалдык жана жарандык болум.

**улут билгеси** – жарандардын улуттук аң-сезимин калыптандыруу жүрүмүндө үлгү милдетин аткарып, коомдун, мамлекеттин өнүгүүсү үчүн жаңы, маанилүү идеяларды сунуштай алган жана дүйнөлүк масштабдагы жетишкендиктерди улуттук негизде өздөштүрүүнүн натыйжалуу жолдорун көрсөтө билген, урмат-сыйга ээ, коомдук пикир жаратуучу, таанымал кыргыз жараны.

**улуттук бирдейлешүү, өзүн-өзү таануу** – адамдын белгилүү бир этноско же улутка таандык экендигин кабыл алуудагы жекечил эрки менен байланышкан социалдык-саясий, маданий-психологиялык ал-абал. Улуттук бирдейлешүүнүн болушу – мамлекеттин туруктуу өнүгүшүнүн маанилүү өбөлгөлөрүнүн бири.

**улуттук аң-сезим** – улуттун рухий өнүгүүсүнүн белгилүү бир деңгээлин көрсөткөн социалдык, саясий, экономикалык, нарктык, маданий-эстетикалык, философиялык көз караш жана ишенимдердин бирдиктүү тутуму. Улуттук аң-сезимдин өзөгүн улуттун өзүн-өзү таанып билүүсү түзөт.

**улуттук дем** – улуттук рухтун күчү, кубаты; жаралуусуна жана өнүгүүсүнө элдин кайталангыс тарыхый өтмүшү, дүйнөтааным тажрыйбасы жана эс тутум байлыктары, алардын биргелешкен күчү негиз болгон, дымак жаратуучу, жарандарга туруктуу дем берип, аларды жаңы максаттарга шыктандырып туруучу улуу күч. Улуттук демдин жаратуучусу, алып жүрүүчүсү – эл. Улуттук деми өркөндүү коом жаратуу кудуретине ээ болгон эл гана мамлекет түзө алат.

**улуттук идея** – баарына бирдей таасир берүүчү, бардык жаран, социалдык топ, уюм жана этностордун, ошондой эле мамлекеттин орток идеалына айланган, ошонусу менен жарандардын улуттук демин арттырууга түрткү берген; калың эл катмарына жеткиликтүү жана түшүнүктүү болгон, ар кандай агрессивдүүлүк жана сабырсыздыктарга жол бербеген; көркөм чыгармалардын, жарандык жана аскердик анттардын мазмунуна айланышы мүмкүн болгон, тагдыр өзгөртүүчү ойлор, идеялар тутуму.

**улуттук сыймык** – адамдардагы өзүнүн белгилүү бир улутка таандык экендигин түшүнүү, өз мекенине жана улутуна чексиз берилүү, аларды каны-жаны менен сүйүү, эл тагдырына болгон жоопкерчиликти мойнуна алуу сыяктуу ой-сезимдердин, көз караш жана бүтүмдөрдүн биримдигине таянган жарандык маданий-психологиялык түшүнүк. Улуттук сыймык өз улутунун каада-салтын, тилин, заттык жана руханий маданиятын ар тараптан өнүктүрүү үчүн кызмат кылууга,



либо сил против себя, своих родственников, нации, страны или других лиц;

**нравственные ценности** (нарк) – система выводов кыргызской и народной этики и естественного права; устное/письменное правило и дисциплина, собравшие в себе самое лучше из общественного опыта, прошедшие испытание историей, ставшие одними и из решающих факторов существования народа, определяющие поведение людей, их отношение к себе, другим, обществу, стране, регулирующие их изнутри. Нравственные ценности реализуются через народные обряды, обычаи, ритуалы, традиции и законы;

**высоконравственный гражданин** (нарктуу жаран) – это гражданин, который безгранично любит свой народ и страну, всегда готов укреплять государственность, способен защитить свою честь и честь народа, почитает национальные ценности, уважает старших и поддерживает младших, последовательный в словах и поступках, любознательный, беспристрастный, толерантный, честный, добропорядочный и всепрощающий;

**цивилизация** (өркөн) – кыргызская интерпретация и название термина цивилизация; социальные группы, обладающие этнокультурной идентичностью, постоянно проживающие (или перемещающиеся) в определенный исторический период в определенном регионе, способные создавать уникальные памятники материальной и духовной культуры общечеловеческого значения, имеющие собственную структуру общественного управления и государственность. Кыргызы – один из древних народов, создавших кочевую цивилизацию;

**принцип** (таяным) – кыргызская интерпретация и название термина принцип; специально разработанная единая система мыслей, мнений, взглядов и идей, которой необходимо следовать на пути развития общества, разума и сознания. В процессе общественного развития он обеспечивает правильное определение стратегии, гибкое продвижение начинаний, а также накладывает необходимые ограничения, тем самым направляя процесс на путь получения результатов в соответствии с поставленной целью;

**код** (түпбелги) – материальное и нематериальное бытие, способное создавать в сознании человека разнородные мнения по познанию национальной целостности, этнокультурных форм, интеллектуальных сил и их составных частей. Этнокультурные коды глубоко влияют и направляют мышление, поведение и отношения людей;

**нация** (улут) – историко-социальная общность людей, самобытная с точки зрения языка, ареала обитания, культуры, религии, поведения, характера, а также социально-экономической организации, исторического опыта, образа жизни, морально-этических ценностей;

улуттун эркиндигине жана көз карандысыздыгына шек келтиргендерге каршы турууга дайыма даяр болуу сапаттары менен бекемделет.

**уңгужол** – доктрина термининин кыргызча чечмелениши, аталышы; Кыргыз Республикасынын ыкчам жана туруктуу өнүгүү жолуна түшүү мүдөөсүнүн идеологиялык негиз жана таянымдарын, ошондой эле экономика, укук, саясат, илим, билим, маданият багыттары боюнча ой, идея жана теориялык көз караштар түзүмүн, максатка жетүүнүн уңгулуу жолдорун жана башбагытын камтыган, узак жылдарга эсептелген жоболор тутуму.

**экотутум** – экология илиминин эң негизги түшүнүктөрүнүн бири, экосистема; айлана-чөйрөдөгү бардык жандуу жана жансыз дүйнө бөлүктөрүнүн бири-бири менен шарттащкан табигый, же жасалма бүтүндүгү. Адамдар жана алардын социалдык топтору экотутумдун эң таасирдүү курамдык бөлүгү болуп эсептелет.



отвечающая требованиям высокой социальной организации современности, включающая в себя другие этносы, создавшая собственную национальную идею и сумевшая определить стратегию ее реализации, находящаяся на государственном пути развития, признанная мировым сообществом, устойчивое этносоциальное и гражданское единство;

**национальная элита** (улут билгеси) – гражданин, пользующийся всеобщим уважением и известностью, способный формировать общественное мнение, быть примером в процессе формирования национального самосознания граждан и предложить новые, важные идеи для развития общества и государства, а также показать эффективные пути освоения мировых достижений на национальной основе;

**национальная идентичность, самоидентификация** (улуттук бирдейлешүү, өзүн-өзү таануу) – социально-политическое, культурно-психологическое состояние, связанное с индивидуальным желанием человека принять принадлежность к определенному этносу или национальности. Наличие национальной идентификации является одним из важнейших факторов устойчивого развития государства;

**национальное сознание** (улуттук аң-сезим) – это единая система социальных, политических, экономических, ценностных, культурно-эстетических, философских взглядов и убеждений, которая показывает уровень духовного развития нации. Ядром национального сознания является самопознание нации;

**национальный дух** (улуттук дем) – сила и мощь национального духа, основанные на уникальном историческом и мировоззренческом опыте, богатстве памяти народа и их объединяющей силе, которые вдохновляют граждан на стремление к будущему, достижение новых целей. Создателем и носителем национального духа является народ. Только те народы, национальный дух которых способен создать цивилизованное общество, могут образовать государство;

**национальная идея** (улуттук идея) – это общий идеал, объединяющий всех граждан, социальные группы, организации и этносы, а также государство, способствующее повышению национального духа. Национальная идея доступна и понятна каждому, в ней не место агрессивности и нетерпимости, является судьбоносной мыслью, системой идеей, которая может стать содержанием произведений искусств, гражданских обязательств и военных присяг;

**национальная гордость** (улуттук сыймык) – это культурно-психологическое понятие, основанное на единении мыслей, взглядов и действий в людях, принадлежащих к определенной нации. Национальная гордость включает безоговорочную преданность родине и нации, искреннюю любовь к ним, принятие ответственности за судьбу нации, поддерживается готовностью служить всестороннему развитию

традиций, языка, материальной и духовной культуры своего народа, а также борьбой с теми, кто угрожает свободе и независимости нации;

**доктрина** (уңгужол) – кыргызское название и интерпретация термина система положений, рассчитанная на долговременную реализацию, включающая в себя магистральные пути и стратегию достижения целей, идеологические основы и принципы по-быстрому и устойчивому развитию Кыргызской Республики, а также мысли, идеи и теоретические взгляды по экономическим, правовым, политическим, научным, образовательным и культурным направлениям;

**экосистема** (экотутум) – это основное понятие в науке об окружающей среде; естественная или искусственная связь всех живых или неживых объектов окружающей среды, составляющих единое целое и постоянно взаимодействующих друг с другом. Люди и их социальные группы считаются наиболее влиятельными компонентами экосистемы.